**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ОБЛУСУ**
**ЖУМГАЛ РАЙОНУ**
**КУЙРУЧУК-КЫЗАРТ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КУЙРУЧУК-КЫЗАРТСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кенешинин II-чакырылышынын**
**II-кезектеги сессиясынын**
**Токтому №3/5**

2025-жылдын 16-январы — Жаңы-Арык айылы

**Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигинде турган “Мойнок” каналын жана “Абдыкерим” БСРин Жумгал суу чарба башкармалыгынын балансына өткөрүп берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 29-апрелиндеги “Суу чарба секторун натыйжалуу башкаруу жана өнүктүрүү жөнүндө” №207 токтомун жетекчиликке алып, Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысынын билдирүүсүн угуп жана талкуулап Куйручук-Кызарт айылдык кеңеши,**токтом кылат:**

1. Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигинде турган 12000 метр узундуктагы, 108000 кв.м аянтты ээлеген “Мойнок” каналы жана №301 контурунда жайгашкан, 2,4 га жер аянтын ээлеген “Абдыкерим” БСРи Жумгал суу чарба башкармалыгынын балансына өткөрүлүп берилсин;

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы К.Жусуповго милдеттендирилсин.

Төрага: Уланбек уулу Жыргалбек